
74.58 (кыр)
К 96

СТУДЕНТТИН ИЙГИЛИК ФОРМУЛАСЫ



172646
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
Инв. № 1002296

Ош-2015

УДК 978
ББК 74.58
К 96

Кыргызстандагы окуу жайларда билим алып жаткан жалпы студенттерге арналат

Пикир ээлери:
Исаков Каныбек Абдуваситович – ОшМУнун ректору, ф.и.д., профессор
Божонов Замирбек Сабыржанович - Тарбия боюнча департаментинин директору

Кушбак кызы Үмүт
К 96 Студенттин ийгилик формуласы – Ош, "Тамга", 2015 - 65 б.

ISBN 978-9967-18-1994-6

Китепте Ош мамлекеттик университетинде 2008-жылдан 2015-жылга чейин билим алып, ийгиликтүү бүтүргөн жана учурда билим алып жатышкан Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээлери, ОшМУнун "Жеке атуулдук" стипендиясынын стипендиаттарынын ийгилик сырлары, окуу жай жөнүндөгү ой-толгоолору, студент досторго керектүү маалыматтар камтылды.

К 4309000000-15

УДК 378
ББК 74.58

ISBN 978-9967-18-1994-6

© Кушбак кызы Үмүт, 2015

Ийгиликке бирге жетели

(Баш сөз ордуна)



Ар бир адам жаш кезинде чыгаан инсан, мыкты адис болууну эңсейт, өмүрүндө ийгиликтүү жана бактылуу жашагысы келет.

Кээ бир адамдар ийгиликтүүлүккө жетүүнүн жолун өздөштүрсө, айрымдары качан мага ийгилик жылмаят экен деп, ийгилик өзүнөн-өзү келе тургандай күтүп жүрө беришет.

Университетибизде ийгиликтүү окуп жаткан, эң алдыңкы студенттеribиздин бири, дайым позитивдүү маанайда жүргөн кызыбыз, Кушбак кызы Үмүт мага жакынкы күндөрү «Студенттин ийгилик формуласы» аттуу китеп даярдап жаткандыгын айтып, ой бөлүштү. Анын даярдаган материалдары менен таанышып чыгып, Үмүттүн эмгеги студенттердин изденүүсүнө демкүч, өсүп-өнүгүүсүнө руханий жактан түртkү бере турган китеп боло тургандыгына көзүм жетип, жарыкка чыгарууну сунуш кылдым.

Студент досум, колуңуздагы эмгек - ошол мен айтып жаткан китеп.

Бул китепте өлкөбүздөгү эң ийгиликтүү университеттердин флагманы аталган баарыбыздын сыймыктанар алтын уябыз - Ош

мамлекеттик университетинде билим алып, Кыргызстандагы студенттердин эң жогорку сыйлыгына – Президенттик «Үмүт» стипендиясына ээ болгон эң алдыңкы студенттердин ийгиликке жетүүсүнүн сырлары, жеке тажрыйбалары жазылган.

Ошондой эле Ош мамлекеттик университетинин алдыңкы студенттерине берилүүчү «Атуулдук стипендиянын» ээлеринин жүрөк түпкүрүндөгү ойлору, теңтуш студент досторуна айтар каалоолору, сунуштары берилген.

Китептин автору Кушбак кызы Үмүт да биздин сыймыктуу студентибиз, жакынкы күндөрү Кыргыз Республикасынын Президенти А. Ш. Атамбаевдин колунан Президенттик «Үмүт» стипендиясын алып келди.

Мага китептеги ийгиликтүү студенттерибиздин акыл-ойлору, аруу-тилектери, алдыга карай умтулуулары, элге-журтка пайдам тийсе деген оргуп турган тилектери жакты.

Студент досум, сен да бул китепти баштан аяк кунт коюп окуп чык да, ийгиликтүүлүктүн жолуна ээ бол.

Китептин кийинки чыгарылышына сенин да ийгиликке жеткен ойлоруң жазылсын.

Исаков Каныбек
ОшМУнун ректору, профессор

ОшМУнун ийгиликтүү студенттер дүйнөсүнө кош келиңиз!
Урматтуу окурман!



Колуңуздагы китеп ийгилик дүйнөсүнө саякат жасаган студенттер жөнүндө болмокчу. Китепти жазуудагы негизги максатым – окуу жайдагы бизден кийинки муунга стимул берүү жана ийгиликтин чыныгы формуласы эмнеде экенин көрсөтүү болуп саналат. Ошондой эле бул китептин каармандары өз башынан өткөргөн, бири-бирине окшобогон, ийгиликтин изги жолуна түшүшкөн жаш студенттер жана бүтүрүүчүлөр.

Билим алып жаткан окуу жайында өз ордуңду табуу, татыктуу билим алуу, максат коюу жана ийгиликти багынтуу - бул адамдарды жыргал турмушка алып келүүчү бирден бир мыкты курал.

Келгиле, бул китепке биргеликте назар таштап көрөлү. Ушул төмөндө атын атай турган адамдар кантип ушул деңгээлге жеткендиги тууралуу окуган соң, окурмандардын жүрөгүндө өзгөчө сезимдерди, башкача көз карашты пайда кылып, анын ийгиликке жетүүсүнө түрткү берет деген үмүттөбүз!

Бул эмгекти жазууда жакындан жардам көрсөтүп, өзүнүн асыл оюн, кеп-кеңешин айтып, китепти чыгарууга чоң түрткү берген ардактуу агайым, ОшМУнун ректору, профессор К.А.Исаковго терең ыраазычылык билдирем.

Урматтуу окурман! Демек, ийгилик бул - сенин жасаган иштериңдин жыйынтыктоочу натыйжасы. Сенин ОшМУдагы билимге болгон сапарың байсалдуу болушуна тилектеш болуу менен төмөндөгү « Ийгиликтин ачкыч сөздөрүн» сунуштайм.

Кайсы бир учурдагы сенин ийгиликтүү мүнөттөрүңө бул сөздөр өбөлгө болоруна терең ишенем.

Автор: Кушбак кызы Үмүт

Ийгиликтин ачкыч сөздөрү

*Билимди алып, аны пайдаланбаган адам - жерди айдап, үрөөн сээп, бирок түшүмүн ала албаган дыйкан сыңары.

*Ийгиликтүү адам - ага карай ыргытылган таштардан өзүнүн ийгилигине пайдубал куруп алууга жөндөмдүү.

*Эгер жашоодо өз максатың жок болсо, анда максаты бар кишилерге иштегенге туура келет.

*Эгерде кеме кургуң келсе, кеме курганга жыгач жыйнатып, тапшырма берип үйрөткөндөн көрө, элге деңиз канчалык терең жана чексиз экенин үйрөтсөң, алар кандай кеме курарын өздөрү чечет.

*Эгерде ач адам жардам сураса, ага жеп ал деп балык бербей, өзү ошону кармап алуусу үчүн кайырмак бер.

*Ийгилик бул - сенин жасаган иштериңдин жыйынтыктоочу натыйжасы.

*Тоонун чокусунда олтурган адам - ал жакка асмандан түшүп калган эмес.

*Көптү билген адам - акылман эмес, билимин колдоно алган адам-акылман.

*Бүгүнкү бир саатың - эртеңки эки саатка тете.

*Башында сени байкашпайт, кийин үстүңдөн күлүшөт, аягында сени менен күрөшүүнү баштайт, андан ары гана сен жеңип чыгасың.

*Колду чөнтөккө салып алып, ийгилик тепкичинен чыкканга болбойт.

*Каалоосу күч - жол издейт, каалоосу жок - шылтоо издейт.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ПРЕЗИДЕНТТИК «ҮМҮТ» СТИПЕНДИЯСЫНЫН ЭЭЛЕРИ

Токторова Венера Кудайназаровна

Ош мамлекеттик университетинин
чет тилдер факультетинин бүтүрүүчүсү,
Президенттик «Үмүт» стипендиясынын ээси
(2008-ж.)



Ураану: «Адам өз жашоосунун падышасы!»

Мен ОшМУнун студенти болгонума, дал ушул окуу жайды аяктаганыма абдан сыймыктанам. Жалгыз мен эмес, бардык студенттер ушундай ойдо деп ойлойм. Бул университет үчүн эң маанилүү.

Студенттик 5 жыл убактым ОшМУдагы жаштардын маданий, илимий турмушу менен абдан кызыктуу өткөн. Мыкты студент, Президенттик «Үмүт» стипендиясынын ээси болушума - менин жогорку окуу жайлардын арасынан ОшМУну тандаганым себепкер болду десем болот. Студенттик кезимде сабактарды жакшы окуп, олимпиадаларга катышып, ар дайым изденүү жолунда жүрчүмүн. Көп кыялдарымдын ичинен бирден-бир кыялым - чет мамлекетке чыгуу, саякат жасоо, башка элдердин маданияты менен таанышуу болчу. Бирок ата-энем мага чет мамлекетке чыгууга уруксат берчү эмес, мен абдан өжөр болгондуктан, ата-энемди көндүрүп,

АКШга барып келдим. Ал жактан мен абдан көп сабак алдым. Адамдар баары жөнөкөй, таза шаар, өнүккөн инфраструктура, билимдүү жаштар жана эң негизгиси - адамгерчиликтүүлүк жана жоопкерчиликтүүлүк эң жогорку сапат болуп эсептелинет экен. Америкага баруумдун негизги максаты - билимимди жогорулатып, жакшы тажрыйба топтоо менен бирге, сөзсүз түрдө бул ыкмаларды өзүмдүн өлкөмө келип пайдалануу, анан да келечектеги жаштарды алга сүрөө болгон. Өзүм айткандай эле келерим менен эң энергиялуу, активдүү жашоо образына ээ болгон студенттердин катарын толуктап, жаш студент досторума түрдүү тренигдерди өтүп, ар кандай жаштар уюмдарын түптөгөнгө салым коштум.

Адам өз жашоосунун падышасы, кааласа вазирлерин иштетет, кааласа башын иштетет, аракет жасайт, эмгектенет, акырында бир натыйжа чыгарат. Ал натыйжа - сенин кечээги күнү кылган жумушундун бүгүнкү берген түшүмү. Ошондуктан, баарыңыздарды сабырдуу, эрктүү болууга чакырам!

Толтоев Эрнис Мукашбекович

Ош мамлекеттик университетинин физика - техника факультетинин бүтүрүүчүсү,
Президенттик «Үмүт» стипендиясынын ээси (2008-ж.)



Урааны: «Адам болуу аста-аста…»

Ош мамлекеттик университети – өлкөнүн түштүгүндө мыкты кадрларды даярдоочу билим берүү мекемеси. Жаштарга терең билим, татыктуу тарбия берген университет. Бул университетте эмгектенген мугалим да, студент да, тарбиячы да өлкөнүн ар бир бурчунда барктуу деп эсептейм.

Ийгиликтердин сыры бул - аракетте деп ойлойм. Ар бир адам аракет жасоосу керек. Аракет жасоо менен ниетти түз коюу да керек. Ошондо Кудайым да колдоп, ойлогон ойду иш жүзүнө ашырганга себепчи болот. Студенттик мезгилде Кыргыз Республикасынын Президенттик стипендиясын жөн жерден ала калган жокпуз, бул да аракеттен болду. Ата-энебиз билим алганга багыт берди, туура тарбияны жасады. Биз да өз убагында татыктуу билим алганга умтулдук, коомдук иштерге, өлкөдө болуп жаткан окуяларга кайдыгер карабай, өз колубуздан келген жардамдарды берип жаттык.

Ошол мезгилдеги биздин мамлекетке, коомго болгон жардамыбыз - бул татыктуу тарбия алып, билимди тереңдетүү эле. Бүгүн да аракеттебиз. Аракеттин тынымсыздыгы, билимдин терендиги жана ниеттин түздүгү бүгүн да бизге жардамга келип жатат.

Ийгилик – бул жаш куракка көз каранды эмес деп ойлойм. Анткени, мен 26 жашымда 15 000 калкы бар айыл өкмөттү жетектегенге жетиштим, аймактын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатууга салым кошум жатам.

Сөз аягында эмнени айткым келет, ийгилик – өзүнөн өзү келбейт, ал аста - аста бардык кылган аракетиңдин натыйжасында келет. Негизгиси, аны колдоно билүү жана адамдык сапатты сактоо.

Эрматов Чынгыз Эркинович

Ош мамлекеттик университетинин физика-техника факультетинин бүтүрүүчүсү, Президенттик «УМУТ» стипендиясынын ээси (2009-ж.)



Урааны : «Ийгилик сага келбейт, сен йгиликке карай барасын!»

Ош мамлекеттик университети - ийгиликтин ордосу. Эгер сиз ОшМУнун студенти болсоңуз, анда сиз ийгиликке бир кадам жакындаштыңыз. ОшМУда сиз эңсеген тилек-максаттарга жетүүнүн жолун көрсөтүп, ошону менен эле тим болбостон, ага жеткире ала турган агай-эжекелерибиз арбын.

ОшМУда окуган студенттик жылдарым мага көптөгөн жагымдуу, кызыктуу ийгиликтерди алып келди. Студенттик кезде бир канча ийгиликтерге жана азыркы учурда иштеп жаткан жумушума жетишиме да ОшМУ, агай-эжекелерим жана ОшМУдагы досторум себепкер деп ойлойм.

Мен ОшМУда алган билимимди, бар күчүмдү жумшап, Кыргызстандын өнүгүүсүнө салым кошо алам деп ишенем.

Адам жаралгандан бери эле ийгиликтин сырын, ага жетүүнүн жолун издеп келет. Ийгиликтин эч кандай сыры деле жок, ар бир адам ийгиликти өзү жаратат.

Ийгиликтин сырлары катары, ийгиликке жетелей турган бир канча сапаттар бар, аларды айта кетсем: каалоо, жакшы ниет, чечкиндүүлүк, пландаштыруу, аткара билүү, өжөрлүк, тырышчаактык, сабырдуулук, көздөгөн максатка бекем туруу, өзүнүн күчүнө ишенүү, көп окуп билүү, изденүү керек. Көп нерсе билүүгө аракет жасашыбыз, көпчүлүк жетпей эңсеп жүргөн ийгиликтерди багынткан адамдар менен алакалаш, мамилелеш болуу, ошолордун ийгиликке кантип жеткенинин тарыхын окуп - билип үйрөнүш керек. Ийгиликтүү адамдар менен чогуу болсоң, ийгиликтин жолундамын деп эсептеп кое берсе да болот. Ошол ийгиликтүүлөрдүн жасаган ишин, алардын жүрүм-турумун, кулк-мүнөзүн, көнүмүш адаттарын изилдеп үйрөнүштүн өзү - ийгиликтин башталышы десе болот.

Демек, сиз ийгиликке карай барбасаңыз, ал сизге келбейт.

Шеранова Арзуу

Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер факультетинин бүтүрүүчүсү, Президенттик "Умут" стипендиясынын ээси (2009-ж.)

Учурда: Европадагы кызматташтык жана коопсуздук уюмунун академиясын бүтүрүп жатат.



Урааны: "Ийгилик үчүн умтулбай, маңыздуу жашоо үчүн умтул!"

ОшМУ - менин жашоомдо өтө чоң ролго ээ. ОшМУ- мен үчүн эң алгачкы билим алган жогорку окуу жайым. ОшМУнун коомдук иш - чараларына катышып, эң алгачкы тажрыйбага ээ болдум. ОшМУ - мени башка окуу жайларга даярдаган "мектебим" жана "экинчи үйүм".

Мен ушул окуу жайды аяктаганыма абдан сыймыктанам, кайсы гана жерге барбайын сыймыктануу менен "ОшМУнун бүтүрүүчүсүмүн" деп айтам.

Ийгилик тууралуу сөз баштасам, бул нерсенин математикадагы теңдеме сыяктуу так жана даана формуласы деле жок. Аны ар бирибиз аябай жакшы билебиз.

Негизинен, ийгилик - адамдын таанылбас эмгегинен, тырышчаактыгынан жана коомго пайда жаратууну көздөгөн максаттардан жаралат. Эсимде, мен мектепте окуган кезде эле пайдалуу адам болгонго алгачкы аракетимди жасап, мектеп парламентинин

1002296

депутаты болгом.Андан кийин ОшМУнун атынан Ош шаарынын жаштар парламентине шайланып, Тажикстандын жаштары менен эмгек миграциясынын аялдарга болгон таасири жөнүндө изилдөө жүргүзгөм. Студент учурумда шайлоолордо уюмдардын атынан көз карандысыз байкоочу болуп жүрүп, 2010-жылы шайлоодо "Эң мыкты көз карандысыз байкоочу" деген наам алдым. Адам укугу боюнча студенттер үчүн клуб ачууга өз салымымды коштум. 2013-жылы ОшМУ менен биргеликте USAIDдин колдоосунда коррупциясыз окууга чакырган эки долбоорду ишке ашырдым. Тагыраак айтканда, ОшМУнун кабыл алуу комиссиясынын ишин транспареттөө жана көз карандысыз тестирлөө борборун ачуу боюнча долбоорлордо өз салымымды коштум. Бул нерсенин баарын эмнеге айтып жатам , анткени мекенди сүйүү, анын өнүгүүсүнө салым кошуу, ийгилик жаратуу, ушунун баары чыныгы аракеттен, каалоодон, эрктүүлүктөн, өжөрлүктөн келип чыгат.

Бирок, кандай гана бийиктикти багынтпайлы, ийгилик үчүн умтулбай, жашообузду маанилүү жашап, ар бир күндү маңыздуу өткөрүүгө аракет жасайлы!

Максытова Нурдана
Ош мамлекеттик университетинин физика-техника факультетинин бүтүрүүчүсү, Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээси (2009-ж.)



Урааны: "Мен эркинмин!"

Бир жакшы сөз эсиме түштү, "Бака чөлдө жүрсө да, көзү көлдө" деп. Ошондуктан, окууну бүтүп кеткениме көп убакыт өтсө да, ОшМУ жөнүндө көп ойлонуп, анын жетишкендиктерин ММКлардан окуп-угуп, абдан кубанып калам.Себеби, бүгүнкү күнүмдүн ийгилик баскычын ОшМУ мага толугу менен тээ студенттик кезде эле куруп берген.

Студенттик кезим активдүү жашоо образы менен коштолду. Бардык мыкты студенттер сыяктуу эле аны кайра кайталап жазуунун кажети жок деп эсептейм.

Ар бир адамдын өзүнө жараша кулк-мүнөзү болот эмеспи, ошол сыңары мен эркин жана көз карандысызмын. Өз тагдырым өз колумда. Мен эч кимден эч нерсе күтпөйм, жөн гана өз ишимди мыкты жасайм.

Бул - өз тагдырың үчүн жоопкерчилик алгандык. Өз тагдырын өз колуна ала албагандар - башка адамдардын ою туура эмес болсо дагы, өз пикиринен чыга алышпайт. Эмне десе, ошону жасашат.Менин ийгилигимдин сыры деле жок, болгону мен өзүмдү угуп, өзүмө гана жаккан жумушту аткарып, өз оюмду айтуудан, идеямды сунуш кылуудан тартынбайм, мен эркинмин, себеби, кыялымды орундата алам!



Жумабаева Гүлбурак Муратовна

Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин бүтүрүүчүсү,
Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээси (2010-ж.)

Урааны: "Талыкпаган эмгек менен алдыга умтулуу!"

Жашоо бир келет, аны татыктуу, маанилүү, маңыздуу жашап өтүү ар бирибиздин милдетибиз. Жашоомдун эң сонун күндөрү болгон студенттик доорум ОшМУ менен биргеликте өтүптүр. Бүгүн аны мен кубануу менен эскерем. Анткени, ОшМУ - мен үчүн турмуштагы жана эмгектеги ийгиликтерге жетүү үчүн пайдубал болуп тургузулган тирөөч сыяктуу. Мен билгенден, ОшМУну мыкты аяктаган же болбосо эң жогорку илимий даражага жеткен окутуучулар күнү-түнү тынымсыз эмгектенишип, адамзатка пайдалуу ачылыштарды жаратып, ошонун натыйжасында атак-даңкка ээ болушкан. Демек, ийгилик талыкпаган эмгекти, өжөрлүктү, принципиалдуулукту талап кылган формулалардын негизинде түзүлөт. Ал формулалар биздин жашообузда математикалык теңдеме сыяктуу, болгону, саны жок, ал сандарды биз ички дүйнөбүздөгү эмоция менен башкарып жасаган ишибиз - ошол ийгиликтин натыйжасын берет. Демек, ал формуланы ар адам өзү каалагандай түзөт. Натыйжа эң мыкты көрсөткүчтү берсе, демек, адам чымырканып эмгектенген. Сөз

аягында эмнени айткым келет, дайыма алдыга умтулуп жашагыла, убакытты текке кетирбегиле, керек болсо минутаны да бекер өткөрбөгүлө.

Талыкпаган эмгек менен алдыга умтулуубуз - жашообузду жаркын жакка өзгөрт

Калатбеков Медер Турсунбаевич

Ош мамлекеттик университетинин физика-техника факультетинин бүтүрүүчүсү, Президенттик «Умут» стипендиясынын ээси (2012-ж.)



Урааны: «Тынымсыз аракет гана тоодой тоскоолдукту жеңе алат!»

ОшМУда окуган студенттик жылдарым мага көптөгөн жагымдуу, кызыктуу жана ийгилик коштогон көз ирмемдерди тартуулады. Бир катар ийгиликтерге жеткениме да ОшМУ себепкер. Башка университетте окусам, балким, андай ийгиликтерге жете алмак эмесмин.

Ийгиликтерге жетүүдө мага түрткү берүүчү сапаттарды колдоно билем. Кандай гана тармак болбосун, өзүнө ийгилик алып келүү үчүн, биринчи кезекте, максатка болгон туруктуулук, өжөрлүк жана акылдуулук талап кылынат. Ийгиликтин кандайдыр бир

универсалдуу формуласы жок, ар бир адам аны ар кыл түшүнөт. Өзүнө толук ишенбеген адамга ийгилик эч качан келбейт. Эмнени каалаганын жана кыялындагы нерсесин ишке ашырууга умтула билген адам ийгиликке жетүү үчүн чечкиндүүлүккө толуп турат жана «мүмкүн эмес» деген сөз менен макул болууга каршы болот.

Ийгиликтин эч кандай сыры деле жок. Болгону, эмнени кааласаң, ошол нерсеге жетүү үчүн туруктуулук жана чыдамкайлык менен аракет кылганда гана ийгилик жылмаят. Жалкоолук, коркоктук, кайдыгерлик - ийгиликтин чоң душмандары болуп саналат. Мына ушул жаман сапаттардан арылуу керек. Адам өзүнө ишеним артып, өзүн башкара билип жумуш баштаганда гана анын алдында көптөгөн мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Ийгиликтин сырлары катары, ийгиликке жетелей турган мага жаккан сапаттар катары буларды баса белгилеп айткым келет: көп окуп, билген, үйрөнгөн билимди туура пайдалана билүү, максатка болгон туруктуулук, чечкиндүүлүк, талыкпаган эмгек, өзүнө болгон ишеним жана эч качан чегинбөө. Мына ушул сапаттарды колдоно билгенде, ийгилик сен тарапта болот.

Кымбаттуу студент досум! Сенин тынымсыз аракетиңдин алдында тоодой тоскоолдуктар томуктай болуп каларына ишенүү менен аракеттен!

Мирбекова Алтынай Мирбековна

Ош мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетинин бүтүрүүчүсү, Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээси (2012-ж.)



Урааны: "Москва бир күндө курулган эмес!"

"Бактылуу жашоо жок, бактылуу көз ирмемдер гана бар" деген сөз чындыкка жакын окшойт. Менин жашоомдогу бактылуу көз ирмемдер - мен окуп билим алган ОшМУ менен биргеликте көбүрөк коштолуптур. Албетте, ОшМУ – бул Гарвард, Оксворд же Кембридж эмес, бирок, ОшМУ - мен үчүн жаңы кадамдын жана атактын эң жогорку баскычы, көңүл эргүүнүн жана жетишкендиктин канаты, жаратмандыктын жана чыдамкайлыктын чордону, ошондой эле жаркын келечектин трамплини.

"Ийгилик" деген сөздү мен ата-энемдин кубанычтуу көздөрүнөн гана таанып билдим. Себеби, студенттик кезде кайсы бир иш-чарага, илимий конференцияга катышып, диплом, грамота көтөрүп барсам, ата-энем ушунчалык кубанып: "Менин кызым бекер жүрбөйт, окуйт, аракет кылат! ", - деп сыймыктанып калышчу. Ошондуктан, ийгилигимдин башаты катары - мага дем берген, ишеним арттырган, акыл-насаатын, кеңешин аябаган, мени чоңойтуп өстүргөн ата-энемде, билим тартуулаган мугалимдерде, бирге иштешкен кесиптештеримде, жан шеригим болгон

1002296

досторумда жана ар дайым жанымда, таянар тоом болгон бир туугандарымда деп эсептейм. Анан, албетте, мүнөзгө жараша адамдык сапатта өжөрлүк, аракетчилдик деген сыяктуу нерселер болушу шарт.

Бирок, мен окуп жүргөн мезгилде ушул күнүнө шүгүр келтирбеген көп студенттерди кезиктирдим. Аларга окутуучулар: " Эмнеге окубайсың, эч нерсеге кызыкпайсың",- дешсе, алар: "Бул кесипти мен тандаган эмесмин, ата-энем тандаган, мен мындан да жакшы кесипке тапшырайын деген элем, материалдык жактан жетишсиз болуп калды, ЖРТдан алган баллым жетпей калды", - деген сөздөрдү көп уктум. Адам эч качан тандалып бүткөн нерсеге өкүнбөш керек, нааразы да болбошу керек, ар бир күндү акыркы күнүндөй жашап , өзүңүн билим ордоңду, келечегиңди өзүң курууга аракет кыл, себеби, сен үчүн бирөө келип куруп бербейт!

Ошондуктан айтат, бардык нерсе бир күндө болуп калбайт, ал эмес, биз билген Москва да бир күндө курулган эмес!

Буваева Нуржамал Жетимишовна

Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин бүтүрүүчүсү, Президенттик «Умут» стипендиясынын ээси (2013-ж.)



Урааны: «Бир күн туз таткан жериңе - миң күн салам айт!»

Билимдин уюткулуу туткасы болгон ОшМУ - Кыргызстандын гана эмес, чет элдик студенттер үчүн да өзүнүн кең келечектүү даңгыр жолдогу өчпөс билимин берүүсү менен айырмаланып, заманбап технологиялардын негизи болуп келет. Мына ушул окуу жайдын мекенибиздин келечектеги экономикалык-социалдык өнүгүүсүнө кошкон салымы өтө чоң деп айтууга болот. ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы жана билимге канбаган студенттеринин зор аракети менен илимдин кенин казып келебиз. Мисалга алып карасак, ОшМУнун ар бир мугалими өз студенттеринин жүрөгүнөн түнөк таап, ал эми студенттердин жигердүү иш-аракеттери Кыргызстандын гана эмес, чет элдик окуу жайларды да артта калтырары көрүнүп турган кеп.

Ийгилик сырым – өзүмдөгү аракетчилдигим менен кызыгуум көбүнчө шык берет деп билем. Ар бир адам бул жашоодо адал эмгек, ыйманы менен өзүнө гана эмес, коомчулукка да ийгилик жаратары талашсыз. Сиз татыктуу билимиңиз жана жигердүү

иштериңиз, патриоттук сезимиңиз менен өз мекениңиздин жаркын келечегин нурлуу кылышыңызга ишенем!

«Бир күн туз таткан жериңе - миң күн салам айт» деген элибиздин таамай айтылган философиясы биздин жашообуздагы адамдык сапаттарыбыздын эң манилүүсү. Мына ушул себептен ар бир инсан билим алып жаткан окуу жайына кайдыгер карабай, өз салымын кошуусу абзел. Биз, жаштар, келечектин күзгүсү болуубуздун тепкичи мына ушул жерден башталат. «Ал үчүн эмне кылуубуз керек?» деп ойлонуу - мезгил талабы. Ооба, мен өз окуу жайымда бир гана билим алып эле тим болбостон, ар дайым студенттер менен иш алып баруу маанилүү экендигин ачык айта алам. ОшМУда билим алып жаткан ар бир келечектин күзгүсү, окуу жайдын жигердүү жаштары менен иш алып баруусу керек. Учурда студент достордун талабы боюнча бардык багыттар, шарттар бар.

Урматтуу студент досум, студенттик курагыңды туура пайдаланып, ар дайым позитивдүү жашоо образына ээ бол!

Зундуева Эмиля Дамирбековна

Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин бүтүрүүчүсү, Президенттик "Умут" стипендиясынын ээси (2014-ж.)



Урааны: "Барга көппө, жокко чөкпө!"

Сыймыктуу окуу жайым болгон ОшМУ мага сүйүктүү кесипти, көптөгөн тажрыйбаларды, кымбат досторду тартуулап, таттуу ностальгия калтыра алды. Кең келечегиме чоң жол ачып берди.

Ийгиликтин өзгөчө сыры деле жок. Себеби, мага бардык нерсе, бардык иш жөнөкөй, жеңил жана оңой көрүнөт. Кандай жумуш баштабайын, жөнөкөй жумушту бүтүрчүдөй ойлоном да, оңой бүтүрөм. Жумуштун татаалданып кетүүсүнө жол бербейм. Ар бир адам өзүнүн аткарып жаткан жумушун чын дилинен сүйүүсү керек. Ага болгон аракетин, болгон идеяларын таштап, мүмкүн болушунча эң мыкты аткарып, мыкты натыйжага ээ болушу керек. Мына ошондо сенин жасаган ишиңдин натыйжасы сен күткөн ийгиликти берет.

Азыркы мезгилде мен айылдагы мектептердин биринде эмгектенип келем, болгон күч- аракетимди, акыл-насаатымды окуучуларыма айтамын. Кээ бир адамдар: "Айлык акы аз, окуучулар сабакка кызыкпайт", - деп даттанышат. Баарына шүгүр кылып, барга көппөй, жокко чөкпөй жашоого үйрөнүү - бул да чоң эрк. Бүгүнкү менин окуучуларым мыкты болуп чыкса, ошол менин мамлекетимдин өнүгүүсүнө кошкон салымым.

Ошондуктан менин дүйнөгө болгон кызыгуум эч качан токтобойт, эмне көрсөм, эмне уксам, эмне кармасам, баарына кызыга берем жана үйрөнүп, эстеп калууга аракет жасайм. Анткени, чыныгы каалоо, күжүрмөн эмгек, талыкпаган аракет гана мен көздөгөн максаттын жолун ачат.

Жалилова Жийдегүл

Ош мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетинин 5-курсунун студенти,
Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээси (2014-ж.)



Урааны: "Бир келген өмүрдө татыктуу жашап, тарыхта калчудай сыймыктуу из калтыруу!"

Алгач, окуу жайым ОшМУдан сөз баштасам. ОшМУ - мен үчүн кең келечек, алдыга койгон максаттарымдын ишке ашуусуна ишеним тартуулаган, жашоомдун бир маанилүү бөлүгүнө арналган алгачкы ийгиликтеримдин жарчысы!

ОшМУда окуп жүрүп , 2014-жылдын 29-августунда ОшМУнун "Мыкты студент" сынагында жеңишке жетишкендигим үчүн Президенттик "Үмүт" стипендиясына татыктуу болдум. Бул менин студенттик жашоомду бекер өткөрбөгөндүгүмдүн натыйжасы деп эсептейм.

Ийгилик формуласына кайрыла турган болсок, ал формуланы мен адамдагы өзгөчө сапатка ээ болгон мүнөз менен чечип бергим келип жатат. Мен табиятымдан ашыкча

өжөрмүн, кандай гана иш болбосун аягына чыгарып жасайм. Жоопкерчилик - мен үчүн биринчи орунда турат. Анткени, жоопкерчиликти сезген адамга башкалардын ишеними артат, кадыр- барктуу, сөзү өтүмдүү болот. Мага айтылган иштерди акыркы жолу, кайра жасабай, өкүнүп калбагыдай кылып жасайм. Эң негизгиси, көп кыялданам. Кыялымдын чеги жок, бүгүнкү ийгилигимдин башаты да ушул кыялдарым болгон. Башкы имараттын коридорунда илинип турган сүрөттөргө карап, ошол сыймыктуу жерде өзүмдү элестетип, мага да ошондой сыйлык насип этерине чын дилимден ишенгемин. Кыялдануу менен гана жашабастан, ийгиликке жетүү үчүн болгон күч-аракетимди жумшап, натыйжада, ата-энемди аз болсо да кубанта алдым.

Сөзүмдүн аягында ОшМУнун ар бир студентине бул жашоодо татыктуу жашап, сыймыктуу из калтыргыла деген тилекти билдирем!

Азизилла уулу Иманбек

Ош мамлекеттик университетинин
теология факультетинин 5-курсунун студенти,
Президенттик "Үмүт"стипендиясынын ээси (2015-ж.)



Ураану: "Бир келген жашоодо татыктуу инсан болуп жашап өтүү, же баш тартуу! "

ОшМУ - билимдин агып жаткан зам-зам суусу, ОшМУ- өмүрүмдөгү эң кызыктуу студенттик мезгилимдин күбөсү, эң сонун күндөрүмө ортоктош кымбаттуу досум.

Ийгиликтин сыры тууралуу кеп козгоодон мурда, балалыгыма кайрылгым келет. Анткени, балалыгым бийик тоолор курчаган, абасы таза, аскасы бийик, суусу күзгүдөй тунук кыштакта өттү. Таң эрте сүткө тоюп, кой кайтарып кетет элем. Кайтып келгенде, жоо чапкансып эрдемсип, таякты каадалуу таянып, эстеликтей туруп калчумун. Балалыгым мага кооздукту, табияттын сулуулугуна суктанууну, ар бир нерсени жан дүйнөм менен кабыл алууну үйрөттү. Көрсө, ийгиликтин сырын мен табияттын кооздугу менен тааныпмын. Ошол кооздук менин дүйнө таанымымы кеңейтип, ар тармактуу маданияттын, улуттук аң-сезимдин өзөгүнүн башаты болду.

Ошентип, менин алгачкы ийгилигим – поэзияга ташталган кадамдан башталды. Поэзия – зор рухий курал менен мекенчилдикти, эмгекчилдикти, аруу сүйүүнү даңазалоо керектигин түшүндүрдү.

Студенттик күндөрүм ОшМУнун студенттик "НУР" гезитинде иштеп, ага алгачкы ырларымды жарыялоо менен башталды. Ал жерде эмгектенүү менен мен ОшМУнун жашоосуна өзүмдү биротоло байладым десем болот.

Келечекте бир келген өмүрдө татыктуу жашап, мыкты инсан болуп өткүм келет, ал үчүн мен мыкты чыгармаларды жаратып, элиме-жериме салым кошушум керек, мына ошондо менин бул жашоодогу аткара турган миссияларымдын төрттөн бир бөлүгү аткарылган болот.

Чын дилден йгиликке жетем десең, эң негизгиси жалкоолукту таштап, күнүмдүк аткарган иштериңи жазып, убакытка так, жашооңо жоопкерчиликтүү бол.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН «ЖЕКЕ АТУУЛДУК» СТИПЕНДИЯСЫНЫН СТИПЕНДИАТТАРЫ



Рахманалы кызы Кундуз

Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин бүтүрүүчүсү, «Жеке атуулдук» стипендиясынын стипендиаты (2012-ж.)



Ураану: «Артка кылчайып караба, дайыма алга гана умтул!»

Сөз башын бүтүрүп кеткен окуу жайымдан баштайын. ОшМУ - биз үчүн билим берген, кесип үйрөткөн жай гана эмес, ОшМУ - атадай камкор устаттарды, турмушка жол көрсөткөн, дүйнөнү таанытkан биз үчүн бир чоң мектеп болду. Мен бул окуу жайга тапшыргандан кийин, бир нерсеге ынандым. Жашоодо адам баласы ийгиликтин туу чокусун дагы багынтат экен, ошол эле мезгилде оор жоготууга да дуушар болот экен, бирок, кандай гана кыйынчылык болбосун, артка кылчайып карабастан, дайыма алга гана умтулуп жошоону үйрөндүм.

Тоонун чокусунда олтурган адам - ал жерге асмандан түшүп калган жок. Ийгилик - мен үчүн жаңы идеяларды өзүмдүн фантазиям аркылуу ишке ашырып, ал нерседен ырахат алуу деп билем. Демек, ийгиликке умтулган адам өзгөчө өжөр жана издемчил болуусу керек. Мен кичинемден эле өзгөчө нерселерге кызыкчумун. Бир күнү кинодон

кум менен айнекке сүрөт тарткан өнөрпозду көрүп, абдан суктангам. Ошол кинону кайра-кайра көрүп, кумга сүрөт тартуу өнөрүн өзүм өздөштүрө баштагам. Анткени, биздин окуу жайда бул өнөрдү үйрөткөн мугалим жок болчу. Тыным албастан интернет желелеринен изилдеп, кумду жууп, тазалап, бир күндө бир нече жолу кайра-кайра урунуп, тажаганда «кереги жок» деп таштап, ыйлап алган учурларым болот эле. Бүгүн мен ал күндөрдү кубануу менен эскерем, анткени, акыры бул өнөрдү өжөрлүгүм менен өз алдымча мыкты өздөштүрүүгө жетиштим. Айнек үстүнө кумдан шедеврлерди жаратуу - ар биринин колунан келе бербейт, бирок, эгер сен чынында ошол нерсени кааласаң, айтканыңан кайтпасаң, жалкоолукту таштасаң, ар дайым алдыга гана умтулсаң, баары биз ойлогондой болот.

Эркиналиев Замирбек Эркиналиевич
Ош мамлекеттик университетинин физика-техника факультетинин бүтүрүүчүсү,
"Жеке атуулдук" стипендиясынын стипендиаты (2012-ж.)




Урааны: "Мен өзгөрбөсөм, аткарбасам, анда ким?"

Билимдин мекени, атактуулардын алтын уясы болгон ОшМУ – мага билим берди, турмушка болгон көз карашымды өзгөрттү, такшалтты. Эң негизгиси - баа жеткис, түбөлүк досторду табууга себеп болду. Жашоомдо чоң мүмкүнчүлүктөргө жол ачты.

Ийгилигимдин негизги өзөгү - мүнөзүмдөгү позитивдүүлүк деп эсептейм. Анткени, мен ар дайым адамдарга жакшы маанай менен колумдан келишинче жардам көрсөтүүдөн тажабайм. Ал эми ийгилигимдин сыры эмнеде экенин билбейм. Аллах буюруп, келечекте пландарым ишке ашып, мындан да чоң ийгиликтерди багынтканда, чыныгы ийгилигимдин сырлары жөнүндө ошондо бөлүшөм.

Кандай гана кыйынчылыкка кабылбайын, биринчи, өзүм сүзгөнгө аракет кылам. Жашоодо берилген мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдаланамын. Мен тандаган багыт – элге-жерге пайда алып келүүсүн каалайм. Биз, жаштар, өлкө үчүн кам көрбөсөк, ал үчүн күйүп, жанбасак, анда ким Мекен үчүн күймөк эле?!



Маматсадыкова Кенжебү Маматсадыковна

Ош мамлекеттик университетинин орус филологиясы факультетинин бүтүрүүчүсү, «Жеке атуулдук » стипендиясынын стипендиаты (2012-ж.)

Урааны: «Ийгилик бул - сен көксөгөн нерседен да, чоң жетишкендикти багындыруу!»

Бала чагымда ийгиликтүү инсандарды көрүп, "Мен да ошолордой болор бекемин?" деген суроо менин жан дүйнөмө бүлүк салып, бир мүнөт да тынчтык бербейт эле. Бирок, мен кыялданган нерселер ар дайым эле ишке аша берчү эмес. Бирок, акыры ийгилик мага жылмайды. Мына ошентип, мен өзүм көксөгөн нерседен да чоң ийгиликке жетиштим.

Убакыттын өтүшү менен университеттин "Мыкты студент" деген наамына да татыдым.

Муну менен мен эмнени айткым келет. Менимче, ийгилик бул - сен көксөгөн нерседен да чоң жетишкендикти багындыруу жана бул бир гана коомдук жашоодо эмес. Кызыгы, ийгилик - резина сымал өзгөрүлмө түшүнүк болгондуктан, убакыттын өтүшү менен мурдагы жашоонун баалуулуктары өз маанисин жоготуп, жаңы максат-тилектер пайда болот. Анан ага карай ийгиликтин формуласы да өзгөрөт. Ар бир инсан кылган жумушу, жашаган чөйрөсүнө жараша өз баалуулугун тандап алып, анын артынан

түшөт. Кимдир бирөө үчүн карьера, кимдир бирөө үчүн үй-бүлө, дагы башкасы үчүн дагы башка түшүнүктөр. Негизгиси, сенин колуңдан эмне келет? Сен эмне кыла аласың? Эмнени каалайсың? Өзүңдүн шыгыңа жараша туура багытты тандап алуу. Бир нерсени кошумча катары айткым келет, бирөөгө атаандашуу, же кимдир бирөөнү идеал тутуп, кудум ошондой болом деп кууй түшкөндөн майнап чыкпайт. Анткени, ал өзүнчө адам, а сен эч кимде жок уникалдуу сапаттарың менен өзгөчө индивидсиң. Ошондуктан, өзүңдү таба билүү - бул чоң жетишкендик. Бирок, бул жашоодо ийгилик ар ким үчүн ар башка болгонуна карабастан , ийгиликти багындыруунун сырлары окшош эле. Менимче, биринчиден, Аллага болгон ишенимди эч качан жоготпоо, анан кийин эле башкага эмес, өзүңө ишенүү, максатты тандап алып, анын артынан калбай чуркоо, чыдамкайлык, өжөрлүк, көк беттик, тобокелчилик, эрктүүлүк. Мен силердин баарыңарды ушул маанидеги ийгиликке жетишиңерге тилектешмин!



Маметова Мээрим Равшановна
Ош мамлекеттик университетинин бизнес жана менеджмент факультетинин бүтүрүүчүсү,
"Жеке атуулдук" стипендиясынын стипендиаты (2012-ж.)

Урааны: "Күчтүү болуп, колдон келишинче жакшы иштерди жасап, жакшы күндөр бар экенине чын дилден ишенүү!"

ОшМУ - менин билим алган сүйүктүү окуу жайым, күндө мен шашылып кубануу менен жакшы маанайда кирип барган, азыркы учурда иштеп жаткан ыйык жерим. Ошондой эле ОшМУ менин бүтүндөй кечээги, бүгүнкү жана эртеңки күндөрүмдүн ташка тамга басылгандай эстен кеткис, өчүрүлгүс, максаттарымдын тепкичтеринин башаты бойдон түбөлүк эсимде сакталат.

Мен чынында өзүмдүн окуу жайымды абдан жакшы көрөм, мен үчүн окуу жайымдын ар бир окутуучусу, студенти, ар бир имараты, ал тургай буюму да баалуу. Себеби, кичинемде ата-энем көп айтчу: "Эгер ийгиликке жетем десең, окуган окуу жайыңды, иштеген жериңди, окутуучуларыңды, досторуңду чын дилден жакшы көр, ар дайым жөнөкөй, чынчыл, ак пейил, чечкиндүү бол", -деп. Балким, ийгилик мына ушундай сапатка ээ болгон адамга жылмаяр.

Студенттик мезгилде бардык мыкты студенттер сыяктуу эле көп ийгиликтерди багынттым. Алгач ОшМУнун ийгиликтүү "ENACTUS" командасы тууралуу айтып берейин. Мен студент мезгилимде ушул командада вице-президент кызматын аркалачумун. Биз студент экенибизге карабай, коомдогу адамдардын жашоосун жеңилдетүү жана жакшыртуу максатында ар кандай проектилердин үстүндө иштечүбүз, ошонун натыйжасында ЖОЖдор арасында өткөрүлгөн "ENACTUSтун" улуттук мелдешинде "Эң мыкты спикер" наамына ээ болдум, андан кийин ушул эле мелдештин дүйнөлүк чемпионатында АКШга байкоочу иретинде бардык. 2014-жылы өткөрүлгөн улуттук чемпионатта биз, ОшМУнун командасы, эң мыкты проект менен Кыргызстандын ЖОЖдорунун арасында чемпион болуп, Кытайдын Пекин шаарында өтүүчү дүйнөлүк кубокко катышууга жолдомо алдык. Кыргызстандын желегин ошол жерде бийик көтөрүп, өлкөнүн намысын коргоп презентация жасадык. Ошол жердеги мелдешти мен бүгүн да өзгөчө сезим менен эскерем, анткени, биз ОшМУнун гана атын коргобостон, бүткүл Кыргызстандын жаштарынын атын коргодук, ал жакка баруу оңойго турган жок. Талыкпаган эмгекти, изденүүнү, сабырдуулукту, күчтүүлүктү, өжөрлүктү талап кылды. Анын натыйжасында мен өзүмдүн жашоомо чоң сабак ала алдым. Канчалаган чет мамлекетке чыккан сайын өзүмдөгү жаңы идеялардын булагын өркүндөтүүнү, жашоого болгон көз караш, эртеңки күнгө, келечекке болгон ишеним ансайын артып, көргөн, үйрөнгөн нерселеримдин баарын өз өлкөмө жасоого ниет кылдым.

Студент досторго айтарым, ийгиликке жетүү үчүн - болгону чынчыл жана аракетчил болгула, убактыңарды бекер өткөрбөгүлө, чет тилдерин үйрөнгүлө, бирок, кандай гана ийгиликти багынтсаңар да, дайыма Адам бойдон калгыла!



Каныбекова Назгүл Каныбековна
Ош мамлекеттик университетинин
математика жана информациялык технологиялар
факультетинин бүтүрүүчүсү,
«Жеке атуулдук» стипендясынын стипендиаты
(2012-ж.)

Урааны: «Ийгиликтин ачкычы-каалоо жана эмгек!»

ОшМУ - мен үчүн үмүттөрдү н башаты, ОшМУ - мен үчүн ишке аша турган кыялдардын кенчи, ОшМУ - мен үчүн жаштыгымдын күбөсү, ОшМУ- мен үчүн максаттардын мекени. Мен ОшМУдан көп нерсени таптым, аздыр-көптүр ийгилик жараттым. Эртеңиме энедей кам көргөн ОшМУга ата-энемден, анан мектебимден кийин эле зор карыздармын деп билем. Эгерде эли-журтка ак дилден кызмат кылсам, эң алгач, өзүмдүн эле кесибимди сүйүп, коомго пайдасы тие турган уул-кыздарды тарбиялоого көмөктөшөм. Болгону, ошол менин парызым да, карызым да.

Менин балалыкта көз алдыма тартылып турган бир кадр бар. Апам менен атам мени жана менден бир жаш улуу агамды «Басканын кара, басканын, эжекенин басканындай, тигини, тигини, тим эле агайдын басканындай»,- деп эркелетишчү. Анда мен ансайын боюмду түзөп, бутумун согончогун бир аз көтөрүп, эжекемдин туфлисиндей таканы өзүм жасап басар элем.

Балалыкта эч качан өзүмөн чоңдор менен ойногон эмесмин. Анткени, алар менен "эжеке-эжеке" ойногондо мени окуучу кылып коюшар эле да. А менин эжеке болгум

келчү. Ошол үчүн да коло-кошуналардын, жакын жашаган атамдын инилеринин бүт балдарын жыйнап келип алып, ойнотор элем. Жаман чакаларды көмөрө коюп парта, анын жанына жалпак таштан алып келип стул жасап, дароо эле "Дүйшөндүн мектебиндей " мектеп кура койчумун. Кудум эжекеми туурап, чыкыя басып, анча-мынча урушумуш болуп сабак баштайм. Бир аз эле ойногондо кичинелери тажап "Мен ойнобойм",- деп чекеден чыга башташчу. Андайда тим эле теригип, мен өзүмү эжеке боло албай аткандай сезип: "Макул, азыр тыныгуу болду да, ойноп келебиз да", - деп аларды башка оюндан тажаткан соң, кайра эле "мектепке" сүдүрөйм. Айылыбыздагы аз эле орундуу жалгыз балдар бакчасына мамлекеттик кызматта иштеген энелердин гана балдары барчу. Апалары үй кожойкелери болгондуктан, "менин окуучуларым" биринчи класска "энелер мектебинен" кийин эле барышкан да. Ошол эже, жеңелерим азыр да Айжаркын менен Айбарчындын, Толгонайдын, Акылайдын, Кайраттын биринчи мугалими – Назгүл болгон деп күлүп калышат. Аларга кыйратып эч нерсени үйрөтпөсөм да, жок дегенде партада чыдап 10-15 мүнөт олтурууну, бирөөнү бир аз тыңдап угууну, анан 20-30 га чейин саноону үйрөтүп, биринчи класска барууга апаларына даярдашып, жардамдашкамын десем болот. Эң башкысы мугалимдикке өзүмдү ошондо тарбиялай баштасам керек. Ал эми агам болсо, ачуусуна тийип койсом, таштарын ыргытып, доскаларын толтуруп чийип, "мектебимди" кыйратып коер эле. Аны менен ойносок эле "сатуучу-алуучу" ойнойбуз деп демилге көтөрүп, өзү дүкөнчү болуп алар эле. Чынында агам бизнеске жакын киши болду.

Муну менен менин эмне дегим келип жатканы түшүнүктүү болду го деп ойлойм. Ийгиликтин ачкычы – каалоо жана эмгек. Күчтүү каалоо жана ага жетүүгө талпынган, талбаган аракет болсо, ийгилик эч кайда качып кетпейт.



Бекмуратова Айпери

Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин студенти, «Жеке атуулдук» (2013-ж.) жана Президенттик «Үмүт» стипендиясынын стипендиаты (2014-ж.)

Урааны: "Мен өзүмө ишенем!"

Көпкө ойлонуп, эми гана кагаз бетине бул ойлорумду түшүрүүнү туура көрдүм.

ОшМУну сөз менен баяндап жазуу өтө кыйын, анткени, 75 жылдык тарыхы бар университетти канчалаган мыкты бүтүрүүчүлөр бүтүрүп кетти, канчалаган бүтүрүүчүлөр азыркы мезгилде мамлекеттик жогорку кызматта иштеп, өлкөбүздүн өнүгүүсүнө салым кошууда. Демек, ОшМУ - бул максаттардын, үмүттөрдүн, келечектин жан досуна айланган биздин ишенимдүү тирөөчүбүз. Ушул окуу жайда менин эң мыкты, эң сонун күндөрүм өтүп жатат.

Күндө тынымсыз, берилгендик менен эмгектенгеним, билим алып гана тим болбостон, изденүүчүлүгүм, өзүмө болгон ишенимди арттырып, ошонун негизинде мен да өз университетимдин мыкты студенттеринин катарын толуктадым. Үй-бүлөдө да, жеке жашоомдо да максатка туруктуу жана чечкиндүүмүн. Болуп жаткан окуяны, көрүп жаткан нерсени тайманбай, болгонун болгондой айтканды жакшы көрөм.

Кесибим боюнча келечектеги дарыгермин. Эгерде мен өзүм коркок болсом, кантип эртең өз колумдагы оорулууларды дарылап, операция жасайм, кантип “Сиз айыгасыз!”,- деп айтам. Ал оорулуунун оорусу коркунучтуу болсо да, эгер мен ишенимдүү көзүм менен «Сиз айыгасыз, болгону, убакыт керек »,- десем, ага бир күндүк болсо да ишенимдүү жашоо тартуулаган болом. Ошондуктан, мен өз алдымча, өз убагында чечкиндүү түрдө жооптуу чечим кабыл алып, аны жашоодо ишке ашыра алам. Өзүнө ишенгендикти, эрктүүлүктү ар ким ар кандай түшүнүшү мүмкүн. Мен үчүн эң негизгиси - өз ишиңди сапаттуу жасоо жана андан ырахат алуу болуп эсептелет.

ОшМУда билим алып жаткан ардактуу студенттер! Силердин кадамыңыздар ийгиликке карай багытталды. Анткени, силер келечектин жан досуна айланган ОшМУда окуп жатасыңар.

ОшМУ- билим уясы, ийгиликтин ачкычы!



Казибеков Алмазбек Казибекович

Ош мамлекеттик университетинин бизнес жана менеджмент факультетинин бүтүрүүчүсү, «Жеке атуулдук» стипендиясынын стипендиаты (2013-ж.)

Урааны: «Ишенип аракет кылсаң, ойлогон нерсеңе сөзсүз жетесиң!»

Мен ОшМУ менен сыймыктанамын! Мен жашоодо өз жолумду таптым деп эсептеймин, буга чоң себеп - менин ата-энем, мугалимдерим, менинУНИВЕРСИТЕТИМ!

Мен ар дайым чоң кыялдар менен жашап, тынымсыз аракет кылып келем. Жаңы нерселерди үйрөнүү, дүйнө элдеринин маданиятын таануу мен үчүн абдан кызык. Бош убактым болсо, китеп окуйм, интернеттен пайдалуу нерселерди үйрөнөм. Мен үчүн негизгиси акча табуу эмес, коомго пайда келтирсем, ошол мага чоң байлык жана жетишкендик.

Патриот болуу - менин оюмча, ыйык милдет деп эсептеймин!

Мен 800 м аралыкка чуркоодо Республиканын 3 жолку чемпионумун, КМШ, Борбор Азия өлкөлөрүндөгү мелдештерде байгелүү орундарды ээлеп келем. 2014-жылы Түштүк Кореяда өткөн XXVII Азия оюндарына катышып, Ош шаарынын тарыхында аталган оюндарга катышкан эң алгачкы спортчу катары таанылдым.

Убакыт, жашоо абдан кыска, көп нерселерге жетпей каламбы деп гана коркомун. Аллахым колдосо, менин ийгиликтерим али алдыда деп эсептеймин.

Элиза Кочкор кызы

Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин бүтүрүүчүсү, «Жеке атуулдук» стипендиясынын стипендиаты (2013-ж.)



Урааны: «Мен болбосом ким?
Азыр болбосо качан?
Өзүңө ишен, алга ташта кадам!»

ОшМУ - мен үчүн казылып бүткүс билим кени. ОшМУ – келечектин жаркындыгынын, даңгыр жана кенендигинин ачкычы. ОшМУ- ишеним, үмүт жана ийгилик! ОшМУ - менин кызыктуу студенттик күндөрүмдүн ээси. ОшМУ - менин сыймыктуу окуу жайым!

Ош мамлекеттик университетинде уюшулган «Жеке атуулдук» стипендияга ээ болуу - окуу жайда окуган ар бир студенттин каалоосу. Бирок, айрымдарына гана насип этет. Бул деген бардык альпинисттер жаңы жана бийик чокуну багынтууга аракеттенишет, бирок, аягында бир канчасы гана ал чокуга өз байрагын орнотот деген сөз. Менин аталган стипендияга ээ болушума өзгөчө - окуудагы мыкты академиялык жетишкендиктеримден сырткары, коомдук иштерге активдүүлүгүмдүн жогорку чеги эсептелди көрүнөт. Анткени, 1-курстан тарта окуу жайда гана эмес, шаардык, республикалык

деңгээлдеги жаштар үчүн уюштурулган бардык илимий, маданий жана практикалык иш-чараларга үзгүлтүксүз катышып келдим. Өзгөчө, КРдин Жогорку Кеңешинде өтөгөн практика жана эл аралык бейөкмөт уюмдардагы долбоорлордо жеңген жетиш-кендиктерим, аны менен катар журналистика багытындагы алып баруучулук дараметим көп ийгиликтердин ачкычы болду десем жаңылышпайм. Демейде, студенттин ар тараптуулугун, интеллектуалдык жана күч дареметин баалоодо бул аракеттер өзүнүн натыйжасын бере алды. 2013-2014-окуу жылында 4-курстун студенти катары «Жеке атуулдук» стипендиат аталдым.

Урматтуу окурман! Биз болбосок ким? Азыр болбосо качан? Ар бирибиз өзүбүзгө ишенип, алга кадам таштайлы. Ошондо гана ИЙГИЛИК биз тарапка сөзсүз багынат.

ИЙГИЛИК бул - ишеним, аракет жана жоопкерчилик!

Абдималик кызы Жаркынай

Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин бүтүрүүчүсү, «Жеке атуулдук» стипендиясынын стипендиаты (2013-ж.)



Урааны: "Жашоодо мазмундуу жана маңыздуу жашап, ак жана адал эмгектенүү!"


Ар бир адамдын өмүрү кандайдыр бир иреттелген баскычтар менен коштолот эмеспи. Мисалы, биз өткөн күндөрүбүздү эске салып, артка кайрылганыбызда, эс таркан күндөн тарта бала бакчадагы балалык баео сезимдер, мектеп учурундагы эстен кеткис мезгилдер, анан да суктанткан студенттик курак көз алдымда тартылат. Мындай бактылуу көз ирмемдер жогорудагыдай баскычтар менен эскерилет. Демек, кай бир адамдын өткөн өмүрүн чагылдыруучу жеке тарых дептеринде, же күндөлүк беттеринде "студент" деген статус, "студенттик курагым" деген жакшы доор камтылбай калат. Ал эми, менин жеке тарых баракчамда ОшМУ - менин эки мезгил курагымды өз койнуна алуучу, алтын тамгалар менен жазылчу ырыскылуу ыйык жай. Анткени, мен 5 жылдык студенттик курагымды ушул окуу жайда өткөрүп, анан дагы алгачкы эмгек жолумду

ушул ыйык жайдан баштаганым - менин ийгилигим жана жеңишим. Ошон үчүн *ОшМУ – мен үчүн билимдин уюткулуу бешиги, жаштардын эртеңки жаркын келечеги!*

Мен үчүн ийгиликтин формуласы - *убакытты текке кетирбей, туура пайдаланып, ар бир мүнөттү баалай билүү*. Анткени, жаркын келечекти кыялдануу менен куруу үчүн, өткөн өтмүшүң татыктуу жана мазмундуу болуш керек. Ошон үчүн өз жашооңду өзүң каалагандай жаша! Мүмкүн болушунча жакшы жумуш жасап калууга умтул! Артыңда калчу атың сени сыймыктануу менен эскергенге татыктуу болсун! Анткени, качандыр бир күнү сенден бир гана эки жылдын (датанын) ортосундагы тире гана калышы мүмкүн. Анткени, айланадагылардын пикири күн сайын өзгөрөт. Азыркы учурдагы бар нерсеңди баалай бил. Эч качан менде жок деп кейибе. А балким, алдыда баары сонун болот, ийгиликтин туу чокусун багынттым деп мактанба! Сен тараптагы ийгилик убактылуу гана болушу мүмкүн. Менин жеткен жетишкендиктерим – ийгиликтин башаты гана. Биринчи тепкичине тырмышып, араң чыктым деп эсептейм. Алдыда дагы канча тепкичтер, канча басчу жолдор турат. Демек, жашоо - бул тынымсыз алдыга умтулуу. Турмушта маанилүүсү - узак жашаганда эмес, туура, таза жана ийгиликтүү жашаганда. Мына ушундай татаал турмуштун теңдемесин жөнөкөй ийгиликтин формуласы менен чечүү деп билем. Ар бир адам артына бир кылчайганда, илип алар ийгиликти, көзгө көрүнөр жакшылыкты көрө албаса, анда анын жашаганын жашоо деп эсептегенге болобу?! Ийгилик десе эле заңгыраган үйдү салып коюп, машинени алып коюшту түшүнбөшүбүз керек. Менимче, ийгилик сүрөттөрдө эмес, жакшы мамилең, жылуу жүзүң, ак пейилиң, жасаган жакшылыгың менен жүрөктөрдө калуу. Мунун сырын ар бир адам билет...

Кымбатбек Абдисамат уулу

Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 5-курсунун студенти, «Жеке атуулдук» стипендиясынын стипендиаты (2013-ж.)



Урааны: «Ийгилик - ишенимден жаралат, ири аракет - келечекке багытталат!»

ОшМУ мен үчүн - билимдин ордосу, ОшМУ - менин экинчи мекеним, ОшМУда окуганыма, иштегениме сыймыктанам.

Азыр эсиме түштү, 3-курсумда ноябрь айында окуу жайда 3 жылдык топтогон билимимдин жана өз кесибиме берилип эмгектенип, изилденгенимдин натыйжасында, жаштыгыма карабастан, жаштар саясатын өнүктүрүүгө аракет жасап, ОшМУнун жаштар комитетинде орун басарлык кызматында иштедим, жадакалса, төрагалык кызматына өз талапкерлигими койгонмун . Өз кесибимдин артыкчылыгы жана да калк ичинде жогорку орунда тургандыгына сыймыктанып, ЭЛТР, БАШАТ, ОШТВ, Ош Пирим жана башка массалык-маалымат каражаттары менен тыгыз иштешип, өз билимимди жогорулатууга аракет жасадым. Жыйынтыгында, ОшМУнун журналистика бөлүмүндө студенттерге керек болгон телерадио лабораториясын уюштурууга жана

аны иштетүүгө бел байлап, бүтүрө алдым. Шаардык телеканалдарга байма-бай жаш таланттуу студенттердин маалыматтарын чыгарууга жетиштим. Окуу жайдагы жана да шаардык деңгээлдеги конкурстарга катышып, байгелүү орундарды алып, «Үмүт» телестудиясынын директорлук кызматына чейин жеттим. Бул ийгилигимдин бир бөлүгү деп эсептейм.

Ийгиликтин сыры тууралуу сөз баштай турган болсом, ийгиликке жетүүдө мен ар дайым өзүмдү туура алып жүрүүгө тарбиялайм, өз эмоциямды ичке катам, сабырдуулук - менин негизги өзөгүм, баштаган жумушумду так, убагында бүтүрөм, күнүмдүк максат-пландар менен иш жасайм, ар кандай кырдаалда өзүмдү башкарып, туура чечим чыгарам. Ушул сапаттар менин ийгиликке жетүүмдөгү негизги ачкычтар деп эсептейм.



Аширов Ныязбек Жумабекович

Ош мамлекеттик университетинин
бизнес жана менеджмент факультетинин
бүтүрүүчүсү,
«Жеке атуулдук» стипендиясынын стипендиаты
(2014-ж.)



«Цифралар биздин жашообузда!»

Мен акыркы убактарда сандарды туура иштетүү боюнча ойлодум.

Ошондуктан, ийгилик - цифраларда деп ойлойм.

Мен жана цифра, бул кээ бир адамдарга түшүнүксүз болушу мүмкүн, бирок, чынында цифралар - биздин жашообузду башкарат. Анткени, биздин бул жашоого келгенден бери эле бир цифраны (санды) өзүбүзгө ыйгарабыз. Мисалы, туулган күнүбүздүн датасы, жылда майрамдалуучу туулган күнүбүз жана жашыбыз. Ким 100 гө чыкса, «Жакшы жашаптыр», ал эми 30га чыкса, «Эч нерсе көрбөй өлүп кетиптир», - дейбиз.

Мына адамдардын цифраны жакшы көрүшү, көбүн өзүнө берсең, жакшы көрөт, андан сурасаң, болушунча аз бергиси келет. Пайда жана кайтарым карыз сыяктуу эле.

Биз төрөлөбүз, мектепте окуйбуз, анан кесипке окуйбуз, жумуш издейбиз, тагыраак айтканда, өзүбүздүн цифрабызды көбөйтүүгө аракет жасайбыз. Кээ бирибиз түшүнбөйбүз.

Айтайын дегеним, жаштарды экономикабызды көтөрүүгө салым кошуп, капчыгыбыздын санын (цифрабызды) көбөйтүүгө чакырам. Кандайдыр бир партиялардын санына кошулбай, өзүңөр жумуш издебей, жумуш орундарын түзгүлө. Сырткы миграцияны токтоткула, бир үй-бүлөнүн ата-энесин миграциянын курмандыгынан сактап калсаң, кандай сонун. Ошол балдарга сен аркылуу мээрим барат. Жумуш издебе, жумуш орундарын түз! Өлкөбүздүн стабилдүүлүгүн түптө.

Биз, **сен жана мен,** бул ойду экөөбүз ишке ашырбасак , башка эч ким бул жөнүндө ойлобойт.

Лапушкин Алексей Алексеевич

Ош мамлекеттик университетинин орус филологиясы факультетинин 5-курсунун студенти, "Жеке атуулдук" стипендиясынын стипендиаты (2014-ж.)



Урааны: "Эркин жана жакшы жашоого аны менен күнүгө күрөшкө барган адам гана татыктуу!"

Алгач окуу жайым ОшМУ тууралуу эки ооз сөз айткым келет. ОшМУда билим алуу - өзгөчө мен үчүн чоң сыймык жана жетишкендик. ОшМУ - бул бардык студент досторумдун билим ордосу, бирок, башка окуу жайлардан айырмаланып, ал бизге дилгирликтин, жаштыктын, жаңы максаттардын, жаңы идеялардын ачкычы болуп бере алды.

Студенттик мезгил десе эле баары, эмнегедир, " Эх, эң сонун күндөр, оюн-күлкү", - дешет. Бирок андай да эмес, мисалы, менин жашоомдо өйдө - ылдыйлар, кыйынчылыктар, тоскоолдуктар толтура кездешти. Баарын таштап, аракет жасабай койгум келди. Бирок, менин андай кылууга эрким жетпеди, анткени, биз эркин

адамбыз, өз жашообуз, тагдырыбыз өз колубузда, ошондуктан мен жакшы жашоого максат койдум. Негизинен, табиятымдан мен эмгекчилмин жана тартиптүү иш алып барганды жакшы көрөмүн. Ийгилик бир күндө келип калбашын түшүнүп, тынымсыз эмгектенгенди туура көрөм. Көп китеп окуйм, бош убактымда ыр жазам. бардык жерде позициямды ачык-айкын билдирүүдөн коркпоймун, анткени, бул менин жарандык милдетим. Ийгилик - бул жоопкерчилик, тынымсыз изденүү, ишеним жана кыял. Мен бирөөгө иш аткарам деп сөз берсем, өз убагында жана сапаттуу аткарам. Эч качан ишенимден чыкпайм. Менин бул адамдык сапаттарым ийгилик жаратуудагы таянычтарым, анын кепилдиги.

Демек, жашоодо кандай гана кыйынчылык, тоскоолдук болбосун, эркин жана жакшы жашашка - аны менен күнүгө күрөшүүгө барган адам гана татыктуу!

Аскарова Алия Жеңишовна

Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 5-курсунун студенти, «Жеке атуулдук» стипендиянын стипендиаты (2014-ж.)



«Мен ОшМУну сүйөмүн»

Ооба, чындыгында ОшМУ – менин жүрөгүмдүн төрүнөн орун алган, мага чыныгы ыйманды, адамгерчилик сапатты, патриоттуулукту үйрөткөн улуу мектеп.

Алгач, мектепти бүтүрүп жатканда, студенттик күндөрүмдү эч элестете алган эмесмин. Себеби, мектеп, андагы активдүү чөйрө – менин жашоомдун мазмуну болчу. Убакыт өтүп, ал нерсенин ордун университет басты. Азыр мен студенттик жашоомду ОшМУсуз элестете албаймын. Анткени, мен ОшМУдан көп нерсе таптым. Студенттик күндөрүмдө эч нерсеге алмаштыргыс, мени ар тараптан курчутуп, ийгиликтүү студент болушума алтындай кеңештерин берип, колдоп турган мыкты чөйрө таптым. Алар мени аз да болсо пайдасы тие турган кадр болууга тарбиялашты. Себеби, сен жалаң «эң жакшы» деген бааларга окуйсуң, бирок, коомдук чөйрөдө пассивдүүсүңбү, университетиңдин

өнүгүшүнө эч кандай салым кошо албайсыңбы, демек сен катардагы эле студентсиң. А мен болсо «жөн эле студент» болгум келген эмес.

Эрте менен сабакка келем, агай-эжейлеримден билим алып, башкы имаратка, сүйүктүү жумушума жөнөйм. ОшМУдан, тактап айтканда, «Нур» гезитинен, Жаштар комитетинен, «Үмүт» телестудиясынан мен көп нерсени үйрөндүм, тарбияландым.

«Үмүт» телестудиясы – мен үчүн журналистиканын чыйыр жолуна баш баккан улуу мектеп.


Менин көз карашымда, ОшМУда ийгиликтин изги жолун издеп, алдыга карай умтулгандар арбын. Аларды касиеттүү окуу жайыбыз кур калтырбайт. Алардын катарын мен да толуктагым келет.

Тигил же бул ийгиликти багынттым деп төш каккым келбейт. Мен багынтчу ийгиликтер али алдыда. А менин чыныгы ийгилигим – карт тарыхты камтыган, орошон билимдин булагы болгон ОшМУну сүйүп, анда билим алып жаткандыгымда, асыл кеңештерин берген агай-эжейлеримди сыйлагандыгымда, мени өзүмдөй кабыл алып, ийгилик жолуна түртүп турган мыкты досторумда деп билем.

Маткалыков Азирет Али Салайдинбекович

Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин 5-курсунун студенти, «Жеке атуулдук» стипендиясынын стипендиаты (2014-ж.)

Учурда: ОшМУнун жаштар комитетинин төрагасы



Урааны: «Татыктуу жашап, өрнөктүү эмгек калтыруу!»

Эгер максат коюп, айга жетем деп аракеттенсең, эң бийик тоонун чокусуна чыгасың, эгер бийик тоонун чокусуна чыгам деп аракет кылсаң, анда тоонун жарымына гана чыгасың, ошон үчүн алдыңа максат койсоң, Айга жетем деп максат кыл.

Мен бул жашоомдо ийгиликти багындыруудагы негизги сапатым - кичи пейилдүүлүгүм деп ойлойм. Анткени, кадимки 30 тонналык самолет учуп барчу жерине абага көтөрүлүп бийиктеген сайын кичирейип, кичирейип отуруп, кончу жерине жетип барат. Адам баласы да самолет сыяктуу бийиктикке көтөрүлгөн сайын, кичи пейил болсо, анда бул дүйнөдө армансыз жашап өтөт.

Бул жашоодо менин жасаган иш-аракетим адамдарга жакшы таасир калтыруусун каалайм, мен капа болсом да, менин жакындарым кубануусун, мен жетпеген нерсеге айланамдагы досторум жетүүсүн чын дилимден каалап, өзүмдү болсо ар дайым сабырдуулукка, эрктүүлүккө тарбиялап келем.



Кеңешова Айзада Эрмаматовна

Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин 5-курсунун студенти, "Жеке атуулдук"стипендиясынын стипендиаты (2014-ж.)

Ураны: "Эч качан , эч бир шартта багынба!"

"ОшМУ - Кыргызстандагы окуу жайлардын флагманы" деген ураан учурда чыныгы реалдуулукка айланганы мени абдан кубандырат. Анткени , ушундай окуу жайда билим алуу ар бир адамга насип кыла бербейт. Ошондуктан, ОшМУ - менин АЛЬМА-МАТЕРИМ.

Жашоодогу урааным менен ушул даражага жеттим деп ойлойм, анткени, башка кесипке караганда, мен тандаган кесип бир кыйла оор жана өтө жоопкерчиликтүү. Бүтүндөй жер шаарындагы адамдардын өмүрү - келечекте биздин, дарыгерлердин колунда. Биздин медицина факультетинде окуп, ошол эле мезгилде коомдук-маданий иш-чараларга активдүү катышуу, баарына бир убакта жетишүү өтө кыйын, ошондуктан менин ийгилигим - көбүнчө алып жаткан теориялык билимимди практика жүзүндө колдоно алганымда деп эсептейм. Ийгилик - изденүүдө деп бекеринен айтылбайт экен. Менин өз кесибим боюнча жетишкен биринчи ийгилигим - Берлин шаарындагы Эркин университетине жайкы окууга барганымдан тартып, андан кийин Мюнхен, Йена, Киль

шаарларындагы медицина боюнча тажрыйба алмашуу практикасы деп ойлойм, анткени, бул жерде мен жашоомдо дагы бир чоң тажрыйбага ээ болдум. Бул нерселер мага да кыйынга турду, анткени, тил үйрөнүү, күнү-түнү уйку бетин көрбөй окуу... Бирок, мен эч качан, эч бир шартта жашоого оңой эле багынып берген жокмун, дайым аракет үстүндө болдум. Демек, ийгилик - бүгүнкү аракетиңдин эртеңки жыйынтыгы!



Жыйынтык кандай болот?

Бул формулалар менен таанышкан соң, сен:

А) Эч нерсе кылбай, бул китепти унутуп, же ыргытып жиберсең да болот, же...

Б) Бүгүнкү күндөн баштап, ийгиликтүү студенттерден болууга умтулуп, өз кесибиңдин мыкты ээси болууга аракетиңди башта!

Бүгүн, же азыр төмөндөгү тизмени аткарууга аракеттен:

1) Бир жумалык иш планыңды жазып, ар бир күнгө өзүнчө тапшырма жаз, аны өз убагында аткар. Бул сени өз алдынча ой жүгүртүүгө, эркин чечим чыгарууга жана бардык ишке, окууңа жоопкерчиликтүү мамиле жасоого үйрөтөт.

2) Эмне колуңдан келет? Эмнени каалайсың? Ой-максаттарың жөнүндө баяндама жаз. Бул сенин акыл-күчүңө көнүгүү болот.

3) Кагаз жүзүндө күчтүү жана алсыз жактарыңды жаз. Андан соң, күчтүү жактарыңды андан да күчтүү кылып, алсыз жактарыңды жок кылуу жолдорун изде. Ошол кагазды көрүнөө жерге илип кой. Сен аны ар дайым эстеп турасың, ал көнүгүү сенин ийгиликке жетүүңө жардам берет.

4) Айланаңды дайым креативдүү, оптимист, мыкты адамдар менен курчоого аракеттен. Досторуң менен жолугушуу өткөрүп, өзүңөрчө талкуу жүргүзгүлө. Кимиңер кайсы жаатта ийгилик жарата аласыңар, жөнөкөй айтканда, кимдин колунан эмне келет? деген сурооого жооп издегиле.

5) Шаарыңарды, окуу жайыңарды өнүктүрүүгө салым кошууга аракеттенгиле. Көйгөйлөр болсо, алар боюнча талкуу уюштуруп, чечкенге аракет жасагыла.

6) Ийгиликке жетүүдө максатты так, туура коюп, аракеттиңерден кайтпагыла. Анткени, сенин ийгилигиңе бут тосуучулар - сени түз бараткан жолуңдан адаштыруу амалын издөөдө.

7) Сенин максаттарыңы башкалар кыял катары кабыл алышы мүмкүн. Ошондуктан, сен бүгүн каалоолоруңдун эмоциясын ойгот, көп-көп кыялдан, анткени бир күн келип, КЫЯЛДАР СӨЗСҮЗ ОРУНДАЛАТ!

Бул «Студенттин ийгилик формуласы» аттуу китепти жакын досуңа окуганга берип, анын да окуп чыгуусун көзөмөлдө. Ошондо өзүңдөй адамдардын саны көбөйөт. Сен, сенин досуң, мен ийгиликтүү болсом, мамлекетибиз да ийгиликтүү болот!



Автор:
Кушбак кызы Үмүт

“Студенттин ийгилик формуласы”

Редактор: Апышева Махабат – ОшМУнун мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу
Корректор: Аскарова Алия

Формат: 84х60 1*16
Офсеттик кагаз
Нускасы: 300

TAMGA
дизайн - печать - полиграфия